**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТҮП РАЙОНУ**
**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**

---

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXVII-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

2024-жылдын 12-апрели № 232 Түп айылы

**“Түп муниципалдык коммуналдык-тиричилик чарбасы” мекемесинин катуу таштанды калдыктарын (КТК) чыгаруу жана ташуу боюнча бааларын бекитүү жөнүндө**

“Түп муниципалдык коммуналдык-тиричилик чарбасы” мекемесинин катуу таштанды калдыктарын (КТК) чыгаруу жана ташуу боюнча бааларын бекитүү жөнүндө талкуулоолордон кийин Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун 11-бөлүмүнүн негизинде Түп айылдык кеңешинин XXVIII- чакырылышынын XXVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Мекеме, уюмдар, ишканалар, май куйуучу бекеттер, соода түйүндөрү, кызмат көрсөтүүчү жеке ишкерлер жана жеке менчик чакан ишканалар акыр-чикир чыгарууга ар бир иштеген кызматкер үчүн бир жылга төлөм 200 (эки жүз) сом боюнча өзгөртүүсүз калтырылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А. Чоркозовго милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Орозбекова А.О.**